| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**АК-ДӨБӨ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII
ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМ

2023- жылдын 27-сентябрындагы № 87 Тилекмат айылы

**Республикалык бюджеттен максаттуу транферт аркылуу келген акча каражатын 2023-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө"**

Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу транферт аркылуу келген 1-жарым жылдыкка 370,7 (үч жүз жетимиш миң жети жүз) сом жана 2-жарым жылдыкка 688,3 (алты жүз сексен сегиз миң үч жүз) сом, жалпысынан 1059,0 (бир миллион элү тогуз миң) сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында, айыл өкмөтүнүн башчысы М.Алиев жана ФЭБнүн башчысынын милдетин аткаруучусу М.Тутаеванын берген сунуштарын угуп жана талкуулап айылдык кенешинин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагынын өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджеттине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн 1059,0 (бир миллион элү тогуз миң) сом акча каражаты максаттуу түрдө чыгымдалсын.

2. Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн 1059,0 (бир миллион элү тогуз миң) сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын. (Смета тиркелет)

3. Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысынын милдетин аткаруучусу М.Тутаевага акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М.Алиевге жана финансы –пландоо боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Баймановго милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**